КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

№ 72
"25" 03 - 2022-ж.

Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII
чакырылышынын 11 - сессиясынын

# ТОКТОМУ

**"Кызыл Суу айыл өкмөтүнүн 2022 – жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгымдар бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин шарттарынын негизинде тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө".**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115 беренесинин 4 пунктуна ылайык жана Кызыл Суу айылдык Кенешинин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколунун негизинде, айыл өкмөтүнүн башчысынын жана муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин берген эсептөөлөрүн ар тараптан карап чыгып, талкуулап бүгүнкү күнгө чейин пайдаланылбай турган акча каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында айылдык Кенештин сессиясы,

**Токтом кылат:**

1.Кызыл - Суу айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын 8 сессиясынын 2021 жылдын 27 декабрындагы № 60 токтомунда каралган 70911 "Балдар бакчасы" бөлүмүнүн 31112390 "Башка имараттардын капиталдык ремонту" статьясындагы 2000000 сомдук , 70629 "ЖКХ" бөлүмүнүн 31131240 "Сүт багытындагы үйларды сатып алуу" статьясындагы 6700000 сомдук ,ушул эле бөлүмдүн 31121230 "Камаз автоунаасын алуу " статьясындагы 910000 сомдук, баардыгы 9610000 (тогуз миллион алты жүз он мин ) сомдук акча каражаты пайдаланылбай тургандыгын эске алып,бюджеттин акча каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында төмөндөгүдөй жумуштарга кайрадан бөлүштүрүлүп берилсин;

| № п/п | Иш чаралар | Функц-к Класс-я | Элемент | Сумма Мин сом |
|---|---|---|---|---|
| 1 | "Кызыл Суу Тазалык " муниципалдык ишканасына алынган"Hundai" маркасын-дагы экскаваторун алып келүүдөгү бажы төлөмдөрүн төлөп берүүгө | 70629 "ЖКХ" | 22154900 | 512,9 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | “Кызыл Суу Водоканал “ муниципалдык ишканасына алынган“Hundai” маркасындагы эксковаторун алып келүүдөгү бажы төлөмдөрүн төлөп берүүгө | 70629”ЖКХ” | 22154900 | 512,9 |
| 3 | Кызыл Суу айылында жашоосу начар,социалдык жактан кароого муктаж , аз камсыз болгон жарандарга үй салып берүүгө керектүү жер сатып алууга. | 70629 ”ЖКХ” | 31412210 | 2550,0 |
| 4 | Сүт товар фермасына ылайыктуу болгон мал чарба базасын сатып алууга | 70629 ”ЖКХ” | 31112210 | 4675,0 |
| 5 | Топоз фермасын тоют менен камсыздоого үрөн , күйүүчү май сатып алуу, жерин айдап себүү иштерине“Ак-Жол МТСы” муниципалдык ишканасына жардам берүүгө. | 70629 ”ЖКХ” | 22154900 | 128,0 |
| 6 | Манас көчөсүн кенейтүү, тротуар, арык салуу иштерине кошумча түрдө. | 70629 ”ЖКХ” | 31113390 | 1068,0 |
| 7 | Айыл өкмөтүнүн имаратынын утурумдук ремонтуна. | 70111 “аппарат” | 22211100 | 88,2 |
| 8 | Кызыл Суу “Жайыт” комитетине запастык бөлүктөр боюнча карызын жабууга көмөк көрсөтүүгө. | 70421 “Жайыт комитети” | 22154900 | 75,0 |
| | Баардыгы | | | 9610,0 |

2.Айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Асаналиевке жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Казыбековко сессиянын токтомунун негизинде 2022 жылга каралган жергиликтүү бюджеттин чыгымдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизип иш жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.

3.Кыргыз Республикасынын Каржы министирлигинин Жети Өгүз башкармалыгынын башчысы Н.Э.Алиевден бюджеттин чыгашалар бөлүгүндө тиешелүү жылдырууларды жүргүзүп берүү жагы суралсын

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Асаналиевке тапшырылсын.

Кызыл-Суу айылдык Кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева